**С.Б.ДАНИЯРОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МЕДИЦИНАЛЫК КАЙРА ДАЯРДОО ЖАНА КВАЛИФИКАЦИЯНЫ ЖОГОРУЛАТУУ ИНСТИТУТУНУН Т/ШТ/К ФИЛИАЛЫ**

# КЕЛИШИМ

«_____»_____________ ___2024-ж. Ош шаары

Бир тараптан С.Б.Данияров атындагы КММКДжКЖИТФ, мындан ары «Аткаруучу» деп аталат, директору О.Р.Райымбековдун атынан, жана экинчи тараптан___________________________________ ______________________________________

_____________________________________________________________________________

мындан ары « Буйрутмачы » деп аталат, төмөндөгүлөр жөнүндө ушул келишимди түздүк.

## 1. Келишимдин предмети

1.1 «Аткаруучу Буйрутмачыга» кайра даярдоо жана адистикти жогорулатуу окуусун “_____”_________________202___-жылынан“____”______ _________202___-жылына чейин_____________________________________________________________________

_____________________________________________________________________________

_____________________________________________________________________________

темасы боюнча циклын өткөрүп берүүнү милдеттенет.

1.2 Окуу С.Б.Данияров атындагы КММКДжКЖИТФнын бекитилген программасынын негизинде өткөрүлөт.

1.3 Окуу бүткөндөн кийин белгиленген үлгүдөгү күбөлүк (сертификат) берилет.

1.4 «Буйрутмачы» көрсөтүлгөн кызматтарды кабыл алып ушул келишимдин шарттарына ылайык акы төлөөгө милдеттенет.

## 2. Тараптардын укуктары жана милдеттери

2.1. «Аткаруучунун» милдеттери:

2.1.1 Окуу программасына ылайык толук кызмат көрсөтүү.

2.1.2 Ушул келишимдин 1-бөлүгүндөгү шарттарга ылайык кызмат көрсөтүү:

2.1.3 Келишим боюнча окуу мөөнөтү ичинде окуунун акысын өзгөртпөө:

2.1.4 Окуу аяктаганда сынак алып, анын негизинде күбөлүк(сертификат) берүү.

2.2. «Аткаруучунун» укуктары:

2.2.1. Окуу үчүн төлөмдүн 30% алдын ала же окуу башталгандан баштап 3 күндүн ичинде алат. Калган контрактык сумманы окуу бүткөнгө чейин ай сайын алат.

2.2.2. Келишимдин шарттарын аткарбаган Буйрутмачыга окуу үчүн төлөгөн 30% төлөмү кайтарылып берилбейт.

2.2.3. Сабактын 30% калтырган “Буйрутмачы” окуудан чыгарылат.

2.3. «Буйрутмачынын» милдеттери жана укуктары.

2.3.1. «Аткаруучу» көрсөткөн кызматы үчүн келишимге ылайык өз убагында жана толук акы төлөө. Келишимде көрсөтүлбөгөн төлөм коду аркылуу эсептик счетко келип түшкөн акча каражаттары негизсиз киреше болуп эсептелинип, акы алып кызмат көрсөтүүлөр буйруктун негизинде токтотулат.

2.3.2. Окуунун аягына чейин сабакка расписание боюнча катышуусу (сабакка келбей калган учурларда «Аткаруучуга» билдирме берүү)

2.3.3. «Аткаруучу» талап кылган керектелүүчү документтерди окууга келгенде тапшыруу.

## 3. Акы төлөө тартиби

3.1.Бир угуучу үчүн, күбөлүк (сертификаттын) баасын кошкондо ___________сом акы алынат.

Окуунун төлөмү накталай же накталай эмес түрдө 4407011102005786 банктык эсепке сөзсүз түрдө **14232600** (контрактык негизде окуу жайларда (ВУЗ, ПТУ, СУЗ) окуу жана квалификацияны жогорулатуу үчүн төлөм) төлөм коду аркылуу төлөнөт. Келишимге кол
коюлгандан баштап 3 күндүн ичинде төлөмдү тастыктоочу керектүү финансылык документтер тапшырылат.

3.2.Көрсөтүлгөн мөөнөттө акы төлөө берилбесе «Буйрутмачы» буйруктун негизинде окуудан чыгарылып «Буйрутмачыга» билдирме берилет.

**4. Тараптардын жоопкерчилиги**

4.1 Келишимде көрсөтүлгөн милдеттер аткарылбаган учурда тараптар аткарылбай калган иштин натыйжасында келтирилген зыяндар үчүн жоопкерчиликке тартылат.

**5. Келишим күчүнө кирүү тартиби**

5.1 Келишимге эки тарап кол койгон учурдан тартып күчүнө кирет жана тараптар милдеттерин толук аткарып бүткөнгө чейин күчүндө болот.

5.2 Тараптардын макулдашуусуна ылайык мөөнөтүнөн мурун жокко чыгарылышы мүмкүн.

**6. Форс-мажордук абалдагы эрежелер**

6.1 Эгерде форс-мажордук абал тараптардын милдеттерин аткарбай калуусуна себепчи болсо анда милдеттерин өз убагында аткарууга мүмкүнчүлүгү болбой калган тарап келишимде көрсөтүлгөн милдеттеринен форс- мажордук абал бүткөнгө чейин аткаруудан бошотулат жана экинчи тарапка тез аранын ичинде билдирилиши керек болот.

**7. Кошумча башка шарттар**

7.1 «Буйрутмачы» себепсиз утуру сабакты калтырып, тартипти бузуп турган учурда окуудан четтетилет жана акы төлөө акысы сабакка катышкан күндөрүнө алынып калынат жана катышпаган күндөрү кайтарып берилет.

7.2 Келишимдин шарттарына эки тараптын макулдугу менен өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн.

7.3 Учурдагы келишим тараптардын ар биринде бар, 2 нускада түзүлгөн жана эки келишимдин нускасы тең бирдей юридикалык күчкө ээ.

7.4 Келишимдин шарттары бузулган маалда жарандык сот аркылуу чечилет.

**Тараптардын маалым даректери**

| АТКАРУУЧУ: | БУЙРУТМАЧЫ: |
|---|---|
| С.Б.Данияров атындагы | |
| КММКДжКЖИТФ | ______________________________ |
| 723511, Ош шаары, Саргалчаев көч., 130/2 | |
| Тел: (+996 3222) 4-64-48, Факс: 4-64-61 | ______________________________ |
| БИК: МКП-440001; ВКП-440701 | |
| Р-с спец. счет № 4407011102005786 | ______________________________ |
| Төлөө коду: **14232600** контрактык негизде | |
| окуу жайларда (ВУЗ, ПТУ, СУЗда) окуу | ______________________________ |
| жана квалификацияны жогорулатуу үчүн төлөм | |
| Банк: КР КМ Борбордук казынасы | ______________________________ |
| ИНН 42604201010081 | |
| код ОКПО 26126678 | ______________________________ |
| e-mail: oshksma@yandex.ru | |
| Директор Райымбеков О.Р. | ______________________________ |
| ______________________________ | /колу/ |